**Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинин ата-энелер чогулушунун**

**№ 1 ТОКТОМУ**

**5-сентябрь 2022-жыл** **Жылан-Арык айылы**

**Катышкандар:** К.Жусупов атындагы орто мектебинин коллективи, жана 1-11-класска чейинки окуучулардын ата-энелери.

**Каралуучу маселелер:**

1. 2022-2023- окуу жылына окуучулардын даярдыгы
2. Класс комплектилер боюнча маалымат
3. Окуучулардын китеп менен камсыз болуусу, аренда китептери боюнча маалымат
4. Үч тараптуу келишимдин негизи

**Угулду :** Мектеп директору С.Тыналиева жалпы ата-энелерди жана мугалимдерди жаны окуу жылынын башталышы менен куттуктап, мектептин 2022-2023-окуу жылына даярдыгы жөнүндө айтып өттү.

Мектептин окуу завучу Ж.Бөкөев жалпы чогулуштун катышуучуларын куттуктап өзүн тааныштырып өттү. Класс комплектилери боюнча маалымат берип , ата-энелерди мектеп менен тыгыз байланышта болуусун өтүндү.

Мектептеги жана мектептен тышкаркы иштердин уюштуруучусу Ж.Айдакеева окуучулардын китеп менен камсыз болуусу жана жетпеген китептер боюнча айтып, аренда китептердин суммасы боюнча маалымат берди. Ошол менен катар эле үч тараптуу келишим менен тааныштырып, ата-энелердин, мугалимдин жана окуучунун милдеттерин баса белгилеп өттү.

Ар бир класс жетекчи чыгып сүйлөп класстар боюнча маалымат берип, окуучулардын жаны окуу жылына даярдыгын айтып өтүштү.

**Чыгып сүйлөштү**: ата-энелерден 3-класстын окуучусунун ата-энеси Айдыралиева Нуржаз башталгыч класстардын ысык тамак ичүүсү жана 3-класстын китеп менен камсыз болуусу жетпеген китептерин алып берүүсүн айтып өттү.

11-класстын ата-энелеринен Казакбай кызы Мунара 11-класстын окуучуларынын ЖРТ га даярдыгы боюнча жана “Секом” окуу борборуна окуучуларды жиберүү боюнча өз ойлорун айтып өттү.

Scanned by TapScanner

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуштун катышуучулары

чечим кылат:

1. 2022-2023- жаны окуу жылына жалпы окуучулардын даярдыгы жакшы деп табылсын.
2. Окуучулардын санына жараша класс комплектилер толук деп табылсын.
3. Окуучулардын китеп менен камсыз болуусу жакшы деп табылсын.

Мектеп директору:________ С.Тыналиева

Окуу завучу:________Ж.Бөкөев

Мектептеги жана
мектептен тышкаркы
иштердин уюштуруучусу:________Ж.Айдакеева

Scanned by TapScanner